## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2012-жылдын август айы)*

Август айында экинчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча эки аукцион болуп өткөн, анын натыйжасында рыноктун катышуучулары тарабынан 691,8 млн. сом өлчөмүндө жалпы суммадагы баалуу кагаздар сатып алынган, бул өткөн айдагы көрсөткүчкө караганда 3,2 эсеге жогору. Сатуунун мындай көбөйүшү рынокто негизги катышуучулардын бири болгон, ай ичинде сатуунун бардык көрсөткүчүнүн 82,8 пайызын камсыз кылган ири коммерциялык банк тарабынан суроо-талаптын кыйла өсүшүнөн улам мүмкүн болгон. Калган баалуу кагаздардын маанилүү бөлүгү июнь айынан бери жигердүүлүктү көрсөткөн институционалдык инвесторлор тарабынан сатып алынган. Канааттандырылган суроо-талаптын деңгээли жыл башынан минималдуу мааниге чейин төмөндөө менен, 62,0 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү өткөн айдагы көрсөткүчтүн деңгээлинде -14,5 пайызда сакталган. МКОлор боюнча кирешелүүлүктүн салыштырма жогорку деңгээлине карабай, мамлекеттик кагаздардын бул түрүнө алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүүлүгүнөн улам, көпчүлүк банктардын кызыгуулары салыштырмалуу төмөн бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Август айында МКОлордун жүгүртөөдөгү көлөмү ай ичинде 14,1 пайызга жогорулап, 3,9 млрд. сомго жеткен. Мында коммерциялык банктардын үлүшү 2,4 пайыздык пунктка (65,1 пайызга чейин) жогорулагандыгы байкалган, ал эми институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагы 34,8 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Резиденттерден болушкан юридикалык жактардын үлүшү мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде калган.

Айдын жыйынтыгы боюнча МКОлордун биринчилик рыногунда концентрациялоо индекси[1] 0,39ду түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто бирдей үлүшү менен үч инвестордун болушуна дал келет.

Каралып жаткан мезгил ичинде МКОлор менен операциялар жүргүзүлгөн эмес.

[1] Бул индекс банктар портфелиндеги баалуу кагаздарды концентрациялоо даражасын көрсөтөт. Концентрациялоо индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы менен эсептелет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт.Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилердин интервалында жатат. Индекстин 0,10дон аз мааниси концентрациялоонун төмөнкү; 0,10дон0,18ге чейин – концентрациялоонун орточо деңгээлине, 0,18ден жогору – концентрациялоонун жогорку деңгээлине дал келет. Мисалы, 0,50гө барабар концентрациялоо индекси рынокто бирдей үлүштөрү менен эки катышуучунун; 0,30 – үч катышуучунун болушуна дал келет. ж.б.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Баш оона'2011 | 2 593 792,0 | 70 685,7 | 2,7% | 1 966 437,7 | 75,8% | 553 723,6 | 21,3% | 2 945,0 | 0,1% |
| Аяк оона | 2 752 012,0 | 70 685,7 | 2,6% | 1 861 097,7 | 67,6% | 817 283,6 | 29,7% | 2 945,0 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 2 927 012,0 | 500 940,7 | 17,1% | 1 888 929,5 | 64,5% | 532 494,6 | 18,2% | 4 605,2 | 0,2% |
| Жетинин айы | 3 056 703,0 | 500 940,7 | 16,4% | 1 881 130,5 | 61,5% | 671 484,6 | 22,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Теке | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Баш оона | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |